# Мамлекеттик казына облигацияларынын рыногу

*(2012-жылдын апрель айы)*

Апрель айында биринчилик рыногунда Финансы министрлигинин казына облигацияларын жайгаштыруу боюнча бир аукциону өткөрүлгөн, анын жыйынтыгында рыноктун катышуучулары тарабынан 145,7 млн. сом жалпы суммасында баалуу кагаздар сатылып алынган, бул өткөн айдын тиешелүү көрсөткүчүнөн 2,9 пайызга төмөн болгон. Сатуунун бардык көлөмү рыноктун негизги катышуучуларынын ичинен ири коммерциялык банктардын бирине туура келген. Баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү ай ичинде 1,5 пайыздык пунктка, 14,5 пайызга чейин төмөндөгөн. Мамлекеттик казына облигациялары (мындан ары МКО) боюнча кирешелүүлүктүн салыштырмалуу жогорку деңгээлине карабастан, алардын ресурстук базасынын кыска мөөнөттүү мүнөзүн эске алуу менен бул мамлекеттик баалуу кагаздардын аталган түрүнө көпчүлүк банктар тарабынан кызыкчылык башкаларга салыштырмалуу жогору болгон эмес.

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы.**




**2-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын коломунун жана кирешелуулугунун динамикасы**




Апрель айында жүгүртүүдөгү МКОнун көлөмү ай ичинде 2,9 пайызга жогорулоо менен 3,1 млрд. сомду түзгөн. Институционалдык инвесторлордун салыштырма салмагынын 36,0 пайызга чейин эквиваленттүү төмөндөшүнөн улам, коммерциялык банктардын үлүшү 1,1 пайыздык пунктка (63,9 пайызга чейин) көбөйгөн. Юридикалык жактар-резиденттеринин үлүшү мурдагыдай эле 0,1 пайыз деңгээлинде турган.

Айдын жыйынтыгы боюнча МКОнун биринчилик рыногунун концентрациялануу индекси[1] 0,50 (+0,2 пунктка) чейин жогорулаган, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтөт жана рынокто бирдей үлүшкө ээ эки инвестордун катышкандыгына дал келет.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде мамлекеттик казына облигацияларынын экинчилик рыногунда коммерциялык банктар ордун жабууга чейинки баалуу кагаздарды сатып алуу/сатуу боюнча операцияларды жүргүзгөн эмес.

**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Улуттук банкы | | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент юридик. жактар | |
| апрель'2011 | 1,999,792.0 | 0.0 | 0.0% | 1,447,706.5 | 72.4% | 549,140.5 | 27.5% | 2,945.0 | 0.1% |
| май | 2,213,792.0 | 0.0 | 0.0% | 1,661,706.5 | 75.1% | 549,140.5 | 24.8% | 2,945.0 | 0.1% |
| июнь | 2,213,792.0 | 0.0 | 0.0% | 1,661,706.5 | 75.1% | 549,140.5 | 24.8% | 2,945.0 | 0.1% |
| июль | 2,213,792.0 | 70,685.7 | 3.2% | 1,661,706.5 | 75.1% | 478,454.8 | 21.6% | 2,945.0 | 0.1% |
| Август | 2,593,792.0 | 70,685.7 | 2.7% | 1,966,437.7 | 75.8% | 553,723.6 | 21.3% | 2,945.0 | 0.1% |
| Сентябрь | 2,752,012.0 | 70,685.7 | 2.6% | 1,861,097.7 | 67.6% | 817,283.6 | 29.7% | 2,945.0 | 0.1% |
| Октябрь | 2,927,012.0 | 500,940.7 | 17.1% | 1,888,929.5 | 64.5% | 532,494.6 | 18.2% | 4,605.2 | 0.2% |
| Ноябрь | 3,056,703.0 | 500,940.7 | 16.4% | 1,881,130.5 | 61.5% | 671,484.6 | 22.0% | 3,105.2 | 0.1% |
| Декабрь | 3,035,970.0 | 0.0 | 0.0% | 1,857,228.9 | 61.2% | 1,175,593.9 | 38.7% | 3,105.2 | 0.1% |
| Январь'2012 | 3,047,170.0 | 0.0 | 0.0% | 1,868,428.9 | 61.3% | 1,175,593.9 | 38.6% | 3,105.2 | 0.1% |
| Февраль | 3,092,940.0 | 0.0 | 0.0% | 1,914,198.9 | 61.9% | 1,175,593.9 | 38.0% | 3,105.2 | 0.1% |
| Март | 3,055,690.0 | 0.0 | 0.0% | 1,921,038.9 | 62.9% | 1,131,503.9 | 37.0% | 3,105.2 | 0.1% |
| Апрель | 3,145,470.0 | 0.0 | 0.0% | 2,011,168.9 | 63.9% | 1,131,153.9 | 36.0% | 3,105.2 | 0.1% |

[1] Бул индекс банктар портфелиндеги МКОнун концентрациялануу деңгээлин көрсөтөт. Концентрациялануу индекси Херфиндаль-Хиршмандын методикасы боюнча эсептелинет жана жалпы көлөмдө көрсөткүчтүн салыштырма салмагынын квадраттарынын суммасын түшүндүрөт. Индекстин мүмкүн болуучу маанилери 0дөн 1ге чейинки маанини камтыйт. Индекстин 0,10 кем эмес мааниси концентрациялануунун төмөн деңгээлине; 0,10дон 0,18ге чейин – концентрациялануунун орточо деңгээлине; 0,18ден жогору – концентрациялануунун жогорку деңгээлине ылайык келет. Мисалга алсак, 0,50гө барабар концентрациялануу индекси бирдей үлүшкө ээ эки катышуучунун; ал эми 0,3 – үч катышуучунун ж.б. катышуусуна эквиваленттүү.